| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ** |

**« 26 »-сентябрь 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезексиз XVI сессия**

**ТОКТОМ** **№1** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаарынын “Шаар күнү” жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 17-сентябрындагы №200 сандуу “Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаарын Манас шаары деп кайра атоо жөнүндө” мыйзамынына ылайык, Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 24.09.2025-жылдагы чыг.№01-18/5878 сандуу катынын негизинде Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз XVI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин IX чакырылышынын 23.10.2023-жылдагы кезексиз XXXIV сессиясынын №1-токтому жокко чыгарылсын.
2. Манас шаарында “Шаар күнү” ар жылдын 27-сентябрында белгиленсин.
3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин социалдык-укуктук маселелер, мыйзамдуулук, депутаттык этика, ишмердүүлүк, партиялар, коомдук уюмдар жана жаштар иштери, туризм, спорт боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**